# Кыргызстандагы жумушчу күчү сапатынын азыркы кездеги проблемалары

Jypar Aituganova (Kyrgyzstan-Turkey Manas University, Kyrgyzstan)

# Current Problems in Labor Quality in Kyrgyzstan


## Abstract

Formation or implementation of high-quality labor is an actual problem of the world economy and always considered in the theory and practice. Labor quality is the realization of increased productivity and performance of the work and responsibilities, also it is known as the main factor of economic growth in economics. Since 1991, the importance of labor quality for development of national economy and macroeconomic stability in Kyrgyzstan is growing and becoming actual in globalization and integration process, financial, informational, scientific and technical cooperation, is requiring researching. This problem studied by academics O. Bogomolov, L. Kudryavtsev, G.Kolodko, T.Koychuev and others. In economics labor defines as a set of three groups of labor skills and abilities of individuals. This group of skills combines the biological, economic and social side of man. Development of labor quality is considered at three levels: low, medium and high quality. In all states, there are complex of integrated structures that seek efficiency in own activity. In the transition period for Kyrgyzstan it is necessary to solve social problems, improve living standards. It's necessary to abide execution of laws by from the President to the citizen, establish the subordination of society to laws, improve moral of public servants, gain people's trust in government, form up the economic culture, to eliminate the shadow economy and corruption. Economic culture must become an integral part of national ideology.


**JEL Code:** J24

Бүт дүйнө жүзүндөгү дайыма эң маанилүү проблемалардын бири болуп жумушчу күчүнүн сапаты, мамлекеттеги аны калыптандыруу системалары жана аны реализациялоо системалары, структуралары, шарттары (жумушчу орун менен камсыз болуу) маселелери турат. Экономикалык илим коомдогу негизги өндүргүч күч катары эң алгач адамдын жумушчу күчүнүн сапатына, анын деңгээлинин мүнөздөмөсүнө өзгөчө маани берет. Жумушчу күчүнүн сапаты жөнүндөгү проблемаларды чечүү теорияда да, практикада да дайыма каралып жатат. Себеби, жумушчу күчүнүн сапаттуу болушунун максаты – анын жогорку эмгек өндүрүмдүүлүктө реализацияланышы жана ишти, кызматты сапаттуу аткаруу. Мындай процесстер ар бир өлкөнүн экономикалык, социалдык, маданияттык, геосаясий, укуктук өнүгүүсүнө жараша өтөт жана кайсы экономикалык системанын ичинде болгондугуна байланыштуу болот._

Советтер Союзу убагында социалисттик экономикалык илимде «жумушчу күчүнүн сапаты» термины каралган эмес, дайыма жумушчу күчүнүн саны жөнүндө, сан жагынан мүнөздөмөсү жөнүндө гана сөз болгон. Экстенсивдүү тип менен экономиканы алып барууда чечүүчү ролду сандарга тийиштүү көрсөткүчтөр, параметрлер, сандарына тийиштүү факторлор каралган. Ал эми рыноктук системада, өндүрүштү интенсивдештирүүдө, обьективдүү түрдө сапаттык көрсөткүчтөр, сапаттык факторлор, илимге, техникага, технологияга таянган жумушчу күчүнүн өнүгүүсү керектүү жана маанилүү. Бирок бул маселелердин бардыгы өтө ар тараптуу, комплекстү, көп структуралуу болгондугу үчүн улам бир аспекттери чечилиш мезгилин тезинен күтөт.

Көз карандысыздыкка ээ болгон суверендүү Кыргызстанда 1991 жылдан бери да жаңы улуттук экономиканы калыптандыруу үчүн жана анын макроэкономикалык стабилдүүлүгүнө, жакшы сапаты, ролу, реализациясы жана анын айкындатылган, жакындатылган ( адекватту) акыга ээ болгондугу же болбогондугу проблемалары өтө зор жана актуалдуу. Демек, мындан улам келип чыккан маселелерди чечүү зарыл, алар төмөнкүлөр:

жогорку сапаттагы жумушчу күчүнүн калыптанышы, буга тийиштүү структуралардын иш- аракеттери, Кыргызстандагы эмгек рыногундагы жумушчу күчүнө болгон суроо- талап жана сунуштун абалы, жумушчу орундардын жетишпестиги, эмгек акысынын төмөн деңгээли, ички жана тышкы миграциянын себептери ж. б. көйгөйлөр, проблемалар өтө көп жана дагы деле изилдөөлөрдүн улантылышын талап кылышат.

Жумушчу күчү сапатынын аныктамасына кайрылсак, акыркы убакытта экономикалык илимде жалпы кабыл алынгандай:

үч группадан турган адамдын өзүнүн эмгек аткарууга байланыштуу жөндөмдүүлүктөрүнүн, сапаттарынын жыйындысы. Алар жалпысынан адамды биологиялык да социалдык да тараптарын бириктирет жана төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) физикалык- психологиялык,

2) профессионалдык (адистик) жана

3) социалдык сапаттардын бирикмесинин деңгээли жана алардын эмгектик иш аракеттеринин натыйжасында реализацияланышы эсептелинет.

Адамдын өзүнүн адам катары касиеттери эмгекке болгон жөндөмдүүлүктөрү менен тыкыс байланыштуу. Адамдын билогиялык, физиологиялык, укуктук, саясий, тарыхый, философиялык, социологиялык, жарандык, медициналык ж. б. көптөгөн жактары жөнүндө, анын ар тараптуулугу жөнүндө 200 дөн ашык илимдерде каралат, изилденет, анализденет жана практика үчүн чаралар сунушталат. Бирок, адамдын негизги маңыздык касиети бул эмгекке болгон жөндөмдүүлүктөрү, өндүрүштүн талабына жооп берүүсү, өндүрүш каражаттарына, техникага, технологияга айкалышуусу да ар түрлүү улам жаңы продукция чыгаруусу жана тейлөө, кызматтарды жогорку сапатта аткаруусу. Демек, мындай нерсеге даярданыш керек. Бул мамлекеттик жана ар бир инсандын милдети, максаты. Коомдо жумушчу күчүнүн сапатына тийиштүү татаал системалары уламдан улам өнүгүп келе жатат.

Жумушчу күчүнүн өнүгүшү үч деңгээлде каралат: төмөнкү сапат, орточо сапат, жогорку сапат (мындай бөлүштүрүүнү К. Маркс өзүнүн «Капиталынын» 1-чи томунда белгилеген). Адам идеалдуу түрдө өмүр бою жумушчу күчүнүн сапатын өнүктүрөт жана аны жогорку деңгээлге жеткирүүгө умтулуш керек. Себеби, адамдын адам катары маңыздуу күчтөрүнүн өнүгүшү мына ушунда жатат.

Демек, каралып жаткан маселе өтө татаал, көп кырдуу, системдүү, мамлекеттик; андан да мамлекет аралык деңгээлде жумушчу күчүнүн сапатын адам өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө карата өнүктүрөт жана өлкөдөгү тийиштүү структуралык субьекттер менен чечилет.

Жумушчу күчүнүн биринчи группадагы сапаттары ден-соолугуна жана адамдын психологиясына байланыштуу. Мамлекетте жумушчу күчүнүн бул түзүүчүсү системдик түрдө ишке ашырылат: ден-соолукка байланыштуу структуралар жана физикалык маданият, спорт ж.б. структуралар кирет. Буларга төмөнкү физикалык- психологиялык сапаттар кирет: психикалык ден-соолук, физикалык ден- соолук – акыл- эси, чыдамкайлык, күч- кубат, көздүн курчу, кара күч, угуу сезими, эмоциялар, чечкиндүүлүк, эрк, эстөө сезими ж. б. Алар болсо социалдык секторда - медицина, спорт маданияты тармактарында; коомдун, үй- бүлөнүн стабилдүүлүгү, нормалдуу адеп- ахлактык климаттарына жараша болот. Аны менен бирге акыркы кезде

ИТРнын өнүгүүсүндө өндүрүштүн, жашоонун чыңалышы, интенсивдүүлүгү менен психология проблемалары өтө эле чоң мааниге ээ. Адамдын эң мурда психикасынын чың болушу эмгекке жөндөмдүү же жөндөмсүз, коллективге, жамаатка сыйымдуулугун, адаптивдүүлүгүн, толеранттыгын, чыдамдуулугун, сабырдуулугун, коммуникативдүүлүгүн көрсөтө алат же критерий боло алат. Азыркы ишке алуу рекламалардын критерийлеринде – коммуникабелдүүлүк деген сапат такай жазылып калды. Бирок, мурунку Советтер убагында кызматкерлердин, жумушчулардын психикалык ден- соолугуна, жалпы ден- соолугуна жетиштүү көңүл бурулган эмес. Мындай көрүнүш Советтер Союзунун жетекчилеринен байкалды. Алар иштеп кеткенден кийин гана ачык түрдө психикалык жана дене ден-соолук абалдары жөнүндө коомго информация берилген. Алардын психикалык оорулары бар экендиги жөнүндө элге кийин айтылган. Убагында, кызматка алынып жатканда, эч кандай илимий- психологиялык тесттер, текшерүүлөр жүргүзүлгөн эмес. Ал тургай спорт маданияты менен кызыгуулары жөнүндө коомчулукка эч кандай маалымат берилген эмес. Алардын кайсы жашка чыккандыктары, ал убактысына дал келген ден-соолугуна, психикалык абалына элден жашыруун түрдө көз салып турушкан, дарылантып, көзөмөлдөп турушкан. . Психикалык ден- соолукка, жалпы ден соолукка мындай мамиле жетекчилердин иш- аракеттеринде, мамлекеттик деңгээлде- макроэкономикада, коомдук процесстерде өтө терс көрүнүштөрүн алып келген. Мисалы, чет өлкөлүк инвестициялар, тышкы жана ички экономикалык аракеттердин көлөмү да азайып кетип жаткан.

Адамдын жумушчу күчүнүн биринчи группадагы сапаттарды калыптандыруу, аларды жакшыртуу азыркы мезгилде бүтүн дүйнөдө, өзгөчө өнүккөн өлкөлөрдө зор мааниге ээ. Азыркы учурда психологдордун кызматтарына иште да, үй- бүлөдө да суроо- талап бар жана ал канагаттандырылыш керек. Кыргызстанда бул проблеманы чечиш кыйынга турат, керектик муктаждыктар бар, суроо- талап бар, психологтор керек, бирок психологдордун кызмат акылары өтө төмөн, бул адистик престиждүү эмес Же болбосо кыргызстандыктардын өзүлөрүнүн психологдорго, башка докдурларга кайрылыш үчүн акча каражаттары жетишсиз.. Азыркы министр С. Джумабеков айткандай Кыргызстанда бир пациентке бир жылда 20 доллар сарпталат, Россияда болсо - 466 доллар.

Стационарда пациентке бир күндө дарыларга 75 сом каралат, ал эми тамакка- 38 сом. 75 сомго эмне сатып алса болот? Ошондуктан, биз ооруларларга дарыларды сатып келишин айтабыз, ал эми 38 сомгочу?

2005- 2007 ж.ж. мамлекеттик бюджеттен саламаттыкты сактоого 2,2% - 2, 6% каражат каралган. Саламаттыкты сактоо боюнча Бүт Дүйнөлүк Уюм Кыргызстандын ИДПнун 4-5%зын ооруларга жумшоого сунуштаган, андай болсо 100 доллар чыгат экен, бирок медиктердин айтуусу боюнча, абал анча деле оңолбойт. Кыргызстандыктар бир жылда 4,5 млрд сомду медициналык тейлөөгө кетиришет,

көп бөлүгү дары- дармекке, аз бөлүгү тамактанууга.

Экинчи группадагы сапаттарды даярдоо системалары: жумушчу күчүнүн сапатын калыптандыруу, даярдоо, өнүктүрүү процесстерге караштуу мамлекеттик жана жекече структуралар. Бул группадагы сапаттар төмөнкү: специалист- терең адис болуу, профессионалдуулук, компетенттүүлүк, жогорку, орточо квалификациялуулук, устаттык, тажрыйбалуулук ж. б. сапаттар. Булардын баарына ээ болуш үчүн маанилүү негиз болуп - билимдүүлүктүн деңгээли эсептелинет.

Рыноктук экономика көздөй бет алган Кыргызстанда социалдык секторго тийиштүү мамлекеттик, жеке менчикте болгон мектепке чейинки, жалпы билим берүү, адистик орто окуу жайлар, ар кандай адистик курстар, колледждер жогорку окуу , өзгөчө өнүккөн мамлекттерде эң чоң чет өлкөлүк окуу жайлар да салымын кошууда, Кыргызстандын көптөгөн бүтүрүүчүлөрү билимдерин, адистигин бул өлкөдө гана эмес АКШ, Германия, Франция, Япония ж. б. окуу жайларында алышууда.

Мамлекетте укуктук- нормативдик негиздер Кыргыз Республикасындагы Жогорку Кенеш, Билим берүү жана илим боюнча министрлик тарабынан түзүлүп жатат. Мисалы, бул жөнүндөгү мыйзамдарды жана буйруктарды толугу менен төмөнкү сайтта көрсө болот: http://www.adviser.kg (М.: ЗАКОН КР от 29 июня 2009 года N 198 "О дошкольном образовании" ж.б. мыйзамдарды.)

Учурда дүйнөдө эркектер жана аялдардын арасында 100% дык сабаттуулукту КМШ, АКШ, Канада, Австралия, Жаңы Зеландия, Япония өлкөлөрү ээлешет. Демек, мунун ичинде Кыргызстан да бар.

Жалпысынан, биз көргөндөй, кыргызстандыктар сабатту, билимдүү мамлекеттерге кошулат, бирок Кыргызстанда өткөөл экономикалык, транзиттик абал, экономикалык өсүштүн жетишпеген темптери, турмуш деңгээлинин төмөндүгү эң биринчи билимдүүлүктүн төмөнкү баскычына терс таасирин тийгизүүдө жана төмөнкү сапаттагы жумушчу күчүнө өбөлгө түзүүдө. Мындай өтө курч абал окубай иштеп жүргөн жаш балдардын санын көбөйтүүдө, маалыматтарга караганда 100 миң бала окубайт жана иштөөгө мажбур. Андан ары Кыргызстандык мектеп окуучулардын арасында Эл аралык PISA (07.12.20010) жүргүзгөн изилдөөлөрүндө ( ар бир 3 жыл сайын өткөзүлөт) алар төмөнкү натыйжаларды көрсөтүштү. Кыргызстандык мектеп окуучулар рейтинг боюнча акыркы орунду ээлешти. Изилдөөгө 65 өлкө катышып, математика, химия, биология, физика, физикалык география, түшүнүү, китеп окуу боюнча предметтерден текшерилген, алардан жакшы көрсөткүчтөргө Кытай, Корея, Финляндия, Гонконг, Сингапур, Канада, Жаңы Зеландия, Япониянын окуучулары ээ болушкан. (http://diesel.elkat.kg)

Кыргыз Республикасында жумушчу күчүнүн сапатынын ар кайсы деңгээлде калыптанышы: төмөнкү же жогорку экендиги белгилүү болду. Эми аны реализациялоо системасында өтө курч проблемалар бар: – жогорку, орто сапаттагы жаш адистер үчүн жумушчу орундар жетишпейт, эмгек акылар жетиштүү эмес, стандарттык жашоо минимумуна аз жетишерлик, сарпталган эмгекке айкалышпайт, тете эмес. (http://www.regnum.ru/news/medicine)

Кыргыз Республикасынын 20011- 2014 жылдагы өнүгүүсүнүн негизги социалдык – экономикалык көрсөткүчтөрүнөн эмгектик ресурстарын карап көрсөк төмөнкүчө маалымат бар:**

| | Ченем бирдиги | 2010 ж. | 2011 ж. | Анын ичинде: | | | 2012 ж. | 2013 ж. | 2014 ж. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | факт | күтүү | 1 кв | 1 жарым жыл | 9 ай | прогноз | прогноз | прогноз |
| IV. Эмгек ресурстары | | | | | | | | | |
| Экономикалык активдүү калктын саны | Миң адам | 2451,9 | 2488,7 | | | | 2528,7 | 2571,7 | 2611,7 |
| темп роста | % | 101,3 | 101,5 | | | | 101,6 | 101,7 | 101,6 |
| Иштеп жаткан калктын саны | Миң адам. | 2240,8 | 2379,4 | | | | 2318,5 | 2363,4 | 2405,4 |
| темп роста | % | 101,1 | 101,7 | | | | 101,7 | 101,9 | 101,8 |
| Жумушсуздардын саны (жалпы) | Миң адам. | 211,1 | 209,3 | | | | 210,2 | 208,3 | 206,3 |
| Жалпы жумушсуздуктун деңгээли | % | 8,6 | 8,4 | | | | 8,3 | 8,1 | 7,9 |
| * Кичи ишканаларды эсептебегенде | | | | | | | | | |

**Среднесрочный прогноз социально-экономического развития Кыргызской Республики на 2012-2014 годы

Бул маалыматтарга караганда жумушсуздук официалдуу түрдө көрсөтүлгөн, ал эми 2011 жылы Кыргызстандагы жумушсуздук деңгээли 12% га өсөт ал, болсо 295 миң адамды түзөт деп - 18 октябрдагы пресс-конференцияда эмгек, жумуш менен камсыз кылуу, миграция министри А. Рыскулова айткан. Европада жумушсуздук 10% болсо кризистик абал деп эсептелинет, демек Кыргызстанда бул багытта кризис болгондугу өкүнүчтүү. Кыргызстандыктардын 11% - 600 миң адамы Россияда, Казакстанда

иштешет, бирок так санды айтууга болбойт, регистрациядан толугу менен өтүшпөйт. Кыргызстанда жашоо минимумдан төмөн эмгек акы алгандар – 30% түзүшөт. ООН (ЮНИСЕФ) тин маалыматына караганда Кыргызстанда 24 миң мугалим жакырчылыктын чийинин астында жашашат. (http://www.report.kg/ussr/1499)

Эмне кылыш керек? Чет өлкөлөрдөгү жумушчу орундарды ээлеп калганга мажбур болуу, демек, Кыргызстан эң мыкты таланттуу жаштарга дагы, адистерге дагы ээ, бирок алар Европага, Казакстанга, Россияга кеткендиктерине мамлекет, бүгөт койё албай жатат.

Жумушчу күчү сапатынын 3)чү группасы боюнча, булар социалдык касиеттер: саясий эрк, жоопкерчилик, жакшылыктарды каалагандык, акниеттүүлүк, чынчылдык, патриоттуулук, күйүмдүүлүк, адамкерчиликтик, экономикалык маданияттулук, башка адамдарды сыйлоо, тактык, пунктуалдуулук ж. б. Бул касиеттер өтө маанилүү, өзгөчө өткөөл мезгил убагында, жаңы рыноктук тартип калыптанып жатканда, жаңы улуттук экономиканы жана социалдык чөйрөнү жогорулатыш үчүн социалдык касиеттер өтө керек. Биз билебиз япондуктардын, немецтердин бул жактагы касиеттерин. Алар экономиканын өсүшүнө чоң өбөлгө болгон_жана болуп турат. Жумушчу күчү сапатынын бул касиеттери азыркы кезде экономикалык илимде кызыгуу менен каралуучу маселелердин бири. Эң биринчи булар жетекчилерден, мамлекеттик кызматчылардан талап кылынат. Бирок Кыргызстандагы коррупцияны, экономикалык маданияттын жоктугун Республикадагы биринчи жана экинчи Президенттери үй- бүлөлөрү менен көрсөтүштү. Демек, Кыргызстанда социалдык сапаттардын кризиси десек болот. Жумушчу күчү сапатынын бул группадагы касиеттери азыркы ааламдашуу, интеграцияланышуу, ар кандай кызматташуу, финансылык, информациондук, илимий, техникалык мейкиндиктерге аралашуу иш- аракеттерде азыркы кезде экономикалык илимде терең каралуучу, актуалдуу маселелердин бири болуп калды.

Бул проблемага Оруссиядагы академиктер өзгөчө көңүл бурушкан. Мисалы, россиялык академик О. Богомолов « Социалдык – экономикалык прогресстин адеп- ахлактык фактору» («Нравственный фактор социально- экономического прогресса» Ж. Вопросы экономики.2007. №11, с.55) деген макаласында адеп-ахлактык жана рухий кризис азыркы кезде коомдордун баарын жана анын элитасын каптап, коомдорду реформациялоого түртүп жаткан кези. Экономикалык жана социалдык прогресс жогорку маданиятты, профессионализмди, жарандык жоопкерчиликти, чынчылдыкты талап кылат, себеби бул сапаттар коомдук процесстерди эффективдүү башкаруунун шарты катарында болушат. Экономика жана адеп-ахлактык касиеттер өз ара таасир этишет жана бул маселе өнүккөн Батышка дагы, өткөөл өлкөлөргө дагы өтө керектүү.

Дагы бир окумуштуу Л. Кудрявцев «Заманбап коом жана адеп- ахлактык» (М. Наука, 2000 с. 9) деген макаласында төмөнкүчө жазган: тарыхта , деген, экономикасы нормалдуу өнүккөн өлкөлөр кээде кыйрашкан, себеби калктын моралдык деңгээли түшүп, өзгөчө мамлекеттик чиновниктердин коррупцияга чөгүп кетип, бузулушкан.

Гж. В. Колодко «Бизнестеги, экономикадагы, саясаттагы этика» (Ж. Вопросы экономики. 2007, №11 с.44) деген эмгегинде..... улуттук экономикалардын либерализациясы, локалдык жана регионалдык рыноктордун дүйнөлүк рынокко интеграцияланышы өзүнүн моралдык принциптер тарабынын аныкталган өндүрүштүн, сооданын, капиталдардын жана инвестициялардын трансферттерине, сактоолордун жана кредиттөөнүн ж. б. таталдыктарына ээ. Фирма, регион, өнөр жай кызыкчылыктары рыноктун кайсы бир сегментинин экономикалык рационалдуулугуна, гумандуулугуна туура келбеси ыктымал.

Кыргызстандык акад. Т. Койчуев мындай жагдайды төмөнкүчө белгилейт: «... жалгыз гана илим, техника, билим берүү коомдук жалпысынан, тактаганда экономикалык жана социалдык прогресстин ири факторлору болбостон, рухий байлык, адамдардын сезимдеринин, эмоцияларынын, адеп- ахлактык, ыймандуулуктун тазалыгы дагы болуп турушат. Адам экономикага кандай көз караш менен карайт, ыймандуулук мененби же эмеспи? Мына ушундан көп нерсе көз каранды.» (Койчуев Т. Есть ли у Кыргызстана будущее? – Б., 2010. стр. 220)

Демек, жогорку сапаттагы жумушчу күчүнүн үчүнчү группадагы социалдык сапаттар - жарандык, ыймандуулук, чыныгы инсандык, патриоттук ж. б. көп касиеттерге ээ болуусу абзел.

Мыйзамдар боюнча, жумушка жарамдуу адамдар жана мамлекеттин жумушчу күчүнүн сапатын өнүктүргөн көптөгөн структуралардын ар кайсы коомдо болуп турган максаты жана ыйык маселеси – бул жогорку сапаттагы жумушчу күчүн даярдоо, жана аны жогорку сапатта иштетүү, колдонуу, реализациялоо мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтүү керек.

Буга карата чечүү жолдору кандай? Кыргызстанда эмгек акыны эмгек өндүрүмдүүлүккө карата төлөп берүү зарыл, жумуштун сапатына карата жогорулатуулар керек. Социалдык проблемаларды туура жана өз убагында чечүү, жашоо деңгээлин жогорулатуу, мыйзамдарды Президенттен баштап жөнөкөй адамга чейин аткаруу, коомдун бүтүндөй аларга (мыйзамдарга) баш ийүүсү, өкмөттөгү кызматчылардын, бийлик тараптагылардын үлгүлөрү керек, моралдык бийиктиктери керек, аларга болгон элдин ишенимин

жогорулатуу керек. Үй- бүлөдөн баштап ыймандуулукка, рухий баалуулуктарга тарбиялоо. экономикалык маданиятка тарбиялоо, себеби азыркы кезде адамдар жогорку билимдүү, маданияттуу болгону менен коррупционер, көмүскө экономикадагы адамдары болгону Кыргызстанда белгилүү нерсе. Экономикалык маданият бүт улуттук деңгээлде каралышы керек: булар ишкердүүлүк маданияты, чарбачылык маданият, салыктык маданият, финансылык маданият, экономикалык этика же иш этикасы, информациондук маданият, керектөөчүлүк маданият, экономикалык өз –ара байланыштардын маданияттарынын жыйындысы деп айтсак болот жана экономикалык маданияттын мааниси бардык өнүгүүнүн улуттук идеясынын орчундуу бөлүгү болууга тийиш, себеби глобалдык экономикаларда бүгүнкү күндө экономикалык маданият биринчи зор маселеге айлангандыгы белгилүү болуп жатат.

## Колдонулган адабияттар


- Среднесрочный прогноз социально-экономического развития Кыргызской Республики на 2012-2014 годы. Одобрено Постановлением Правительства Кыргызской Республики от «3» июня 2011 года № 287
- О. Богомолов. Нравственный фактор социально- экономического прогресса. Ж. « Вопросы экономики», 2007, № 11
- Л. Кудрявцев « Современное общество и нравственность». М. Наука, 2000
- Гж. В. Колодко. Этика в бизнесе, экономике и политике. Ж. «Вопросы экономики», 2007, № 11
- Т. Койчуев. Есть ли у Кыргызстана будущее? – Б. , 2010
- Дж. Айтуганова. О некоторых аспектах качества формирования рабочей силы в Кыргызстане. В книге: Интеграция и экономическое развитие в переходных экономиках. Межд. научно-практический конгресс, посв. акад. Т. Койчуеву. Бишкек. 2008
- Ж. Айтуганова. Кыргызстандагы улуттук экономикалык маданият проблемасы. 7.Uluslararası Türk Dünyası Sosyal Bilimler Kongresi. Küreselleşme ve Türk Dünyası Sempozyum Tebliğleri-2, 9-11 Haziran 2009, Calalabat-Kırgızistan.